# Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы эл аралык автомобилдик катташуу тууралуу МАКУЛДАШУУ

Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү, мындан ары Келишим түзүп жаткан Тараптар деп аталуучулар, өз ара пайдалуу достук карым-катыштарды бекемдөө жана өнүктүрүү максатында Келишим түзүп жаткан Тараптардын мамлекеттеринин аймактарынын ортосунда эл аралык автомобилдик катташууларды ишке ашыруунун зарылдыгын таанып, төмөндөгүлөр жөнүндө макулдашышты:

### 1-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар өз ара макулдашылган маршруттар боюнча жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө макулдашышты.

### 2-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптардын аймактарынын ортосунда жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү эл аралык автомобилдик ташуу, Келишим түзүп жаткан Тараптардын улуттук мыйзамдарына ылайык катталган транспорттук каражаттар аркылуу ишке ашырылат.

Эл аралык автомобилдик ташуулардын уруксат берүүчү системасы эл аралык ташуулар үчүн белгиленген Келишим түзүп жаткан Тараптардын транспорттук каражаттарына колдонулат.

### 3-статья

Чек арадан өтүү, маршруттар жана жүргүнчүлөр менен жүктөрдү эл аралык автомобилдик ташуулардын документтерин толтуруу процедуралары Келишим түзүп жаткан Тараптардын компетенттүү органдары аркылуу макулдашылат.

Биринчи кезекте ачылууга таандык маршруттар, ушул Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген Тиркемеде көрсөтүлгөн.

### 4-статья

Ушул Макулдашуу боюнча компетенттүү органдар болуп Кытай Эл Респбуликасы тарабынан - Коммуникация министрлиги; Кыргыз Республикасы тарабынан - Транспорт жана байланыш министрлиги; Өзбекстан Республикасы тарабынан - "Узавтотранс" Мамлекеттик - акционердик корпорациясы жана "Узавтойул" Мамлекеттик акционердик концерни болуп эсептелет.

### 5-статья

Келишим түзүп жаткан бир Тараптын ташуучусуна Келишим түзүп жаткан башка Тараптын аймагында жайгашкан эки пункттун ортосунда жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташыганга уруксат берилбейт.

### 6-статья

Жүргүнчүлөр менен жүктөрдү эл аралык автомобилдик ташуу жүргүзүп

жаткан Келишим түзүп жаткан Тараптардын транспорттук каражаттары Келишим түзүп жаткан башка Тараптын мамлекетинин аймагында ушул ташуулардан түшкөн киреше менен пайдага салынган салыктар менен жыйымдардан бошотулат. Жолдорду пайдалануу жана кармап туруу үчүн жыйымдар Келишим түзүп жаткан Тараптардын ортосундагы макулдашылган бир түргө келтирилген норма боюнча ташуучуларга төлөнүп берилет. Кызмат көрсөтүүлөр үчүн жыйымдар Келишим түзүп жаткан Тараптардын ички мамлекеттик эрежелерине ылайык ташуучуларга төлөнүп берилет.

7-статья

Макулдашылган маршруттар боюнча жүктөрдү эл аралык автомобилдик ташуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында Келишим түзүп жаткан Тараптардын бажы органдары өз ара макулдашылган бир түргө келтирилген бажы процедураларын иштеп чыгышат.

8-статья

1. Ушул Макулдашуунун негизинде ташууларды аткарууда Келишим түзүп жаткан Тараптар алардын мамлекеттеринин аймактарына ташылып келингендерди бажылык жыйымдардан, пошлиналардан жана уруксаттардан бири-бирин өз ара бошотушат:

1.1. двигателди азыктандыруу системасы менен технологиялык жана конструктивдүү байланышкан автотранспорттук каражаттардын ар бир моделинин сыйымдуулуктары үчүн каралган күйүүчү;

1.2. ташуу учурунда колдонуу үчүн зарыл болгон сандагы майлагыч материалдар;

1.3. эл аралык ташууларды аткарып жаткан автотранспорттук каражаттарды ремонттоо үчүн белгиленген запастык бөлүктөр жана инструменттер.

2. Келишим түзүп жаткан Тараптардын биринин аймагына ташылып келип жаткан колдонулбаган запастык бөлүктөр жана колдонулбаган түйүндөрдү ушул мамлекеттин аймагынан кайра алып чыгып кетүүгө туура келет.

9-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар белгиленген маршруттар боюнча эл аралык автомобилдик ташууларды ишке ашырууда өз аймагындагы жолдордун курулушу жана бузбай кармап туруу, ошондой эле аларды белгиленген пайдалануу талаптарына туура келиши үчүн жооп беришет.

10-статья

1. Келишим түзүп жаткан Тараптар өз аймактарында жолдордун жанындагы инфраструктуралардын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө умтулушат жана кирүү -- чыгуу пункттарында андан ары жолун улантуу үчүн бажылык толтурууларды күтүп жатышкан транспорттук каражаттарды колдонгону үчүн жыйымдар алынган, ачык жана үстү жабылган курулуштар менен камсыз кылышат.

2. Коркунучтуу жана чоң габариттүү жүгү менен транспорттук каражаттар үчүн өзүнчө жайгаштыруу каралган.

11-статья

1. Келишим түзүп жаткан Тараптар темир жол вагондоруна, автотранспорттук каражаттарга жана соода деңиз кемелерине суроо-

талаптарды мүмкүнчүлүктөрүнүн болушунча канааттандырууга умтулушат.

2. Келишим түзүп жаткан Тараптар транспорттун бардык түрлөрүнө болгон тариф, ошондой эле порттук жана башка жыйымдар маселелерин Келишим түзүп жаткан Тараптардын ортосунда өзүнчө макулдашылат деп макулдашышты.

### 12-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар өз ара макулдашылган маршуттар боюнча жүктөрдүн ээрчишишин тездетүү максатында бир түргө келтирилген жүк накладнойлорун кабыл алууга макул болушту.

### 13-статья

1. Келишим түзүп жаткан Тараптар өз өлкөсүнүн мыйзамына ылайык транзиттик автомобилдик каражаттарга тиешелүү тыюу салуулар менен чектөөлөрдү орнотууга укугу бар. Аларды орнотуу үчүн негиз болуп коомдук коопсуздукка, коомдук гигиенага, коомдук жүрүм-турумга, саламаттыкка тиешелүү мыйзам гана эмес, ошондой эле айбанаттар менен өсүмдүктөрдүн үстүнөн санитардык контролдоо, соода белгиси жана автордук укук, жана экономикалык жана башка мүнөздөгү ой-пикирлерди да кошот.

2. Келишим түзүп жаткан Тараптар контрабандалык товарларды, куралдарды жана ок-дарыларды ташууга, ошондой эле Келишим түзүп жаткан Тараптардын мыйзамында тыюу салынган товарларды алып кирүү жана алып чыгууга катуу тыюу салууга макулдашышты.

### 14-статья

1. Келишим түзүп жаткан Тараптар сыяктуу эле ушул Макулдашуунун катышуучусу болбогон үчүнчү мамлекеттердин аймактары аркылуу да жүктөрдү эркин транзиттөө мүмкүнчүлүгүн Келишим түзүп жаткан Тараптар бири-бирине беришет.

2. Эл аралык соода практикасы, бажы эрежелери жана башка эл аралык милдеттерге ылайык ташылып келинген товарлар, аймагы аркылуу транзит ишке ашырылган Келишим түзүп жаткан Тараптар аркылуу корголот.

### 15-статья

1. Келишим түзүп жаткан Тараптардын компетентүү же ыйгарым укуктуу аткаруу органдары ушул Макулдашууну аткарууну биргелешип көзөмөлдөө жана өз өлкөсүнүнүн компетенттүү органдарына оперативдүү берүүлөр жана проблемаларды чечүү үчүн жооптуу адамдарды дайындашат. Ушул Макулдашууну иштетүүнүн жүрүшүндө келип чыккан маселелер жогоруда көрсөтүлгөн Келишим түзүп жаткан Тараптардын органдары тарабынан зарылдыгына жараша, өз ара макулдашуу боюнча жылына бир жолу талкууланат.

2. Ушул Макулдашууну иштетүү үчүн Келишим түзүп жаткан Тараптар Макулдашууну колдонуунун регламентин иштеп чыгышат.

### 16-статья

Ушул Макулдашууда камтылбай калган маселелер Келишим түзүп жаткан Тараптардын ортосундагы консультациялар жолу менен чечилет.

### 17-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптар ушул Макулдашууну түшүндүрүүгө

тиешелүү бардык пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө макулдашышат жана аларды жөнгө салуунун мүмкүнчүлүгү жок болуп калса, чечими юридикалык жактан сөзсүз керектүү Келишим түзүп жаткан Тараптардын бардыгы үчүн алгылыктуу арбитражга кароого берилет.

### 18-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптардын макулдашуусу боюнча ушул Макулдашууга түзөтүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

### 19-статья

1. Ушул Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл ички мамлекеттик процедуралардын аткарылгандыгы жөнүндө Келишим түзүп жаткан Тараптар бири-бирине дипломатиялык каналдар боюнча жазуу жүзүндөгү акыркы билдирүүнү алган күндөн тартып ушул Макулдашуу күчүнө кирет.

2. Ушул Макулдашуу 5 жыл аралыгында иштейт жана Келишим түзүп жаткан Тараптардын бири ушул Макулдашуунун иштөө мөөнөтүнүн бүтүшүнө чейин 6 айдан кем эмес мөөнөттө анын аракетин токтотууга өзүнүн ниеттенгени тууралуу Келишим түзүп жаткан башка Тарапка жазуу жүзүндө билдирбесе, ар бир жолу кийинки 5 жылдык мөөнөткө өзүнөн-өзү узара берет.

### 20-статья

Келишим түзүп жаткан Тараптардын бардыгынын макулдугу менен ага башка мамлекеттердин кошулушу үчүн ушул Макулдашуу ачык.

Ушул Макулдашуунун депозитарийи Өзбекстан Республикасы болуп эсептелет.

Ташкент шаарында 1998-жылдын "19"- февралында үч нускада, ар бири англис, орус жана Келишим түзүп жаткан Тараптардын тилдеринде ишке ашты, мында бардык тексттер бирдей күчкө ээ.

Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү үчүн

胡希捷

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үчүн

Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү үчүн

**Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы эл аралык автомобилдик катташуу тууралуу Макулдашууга**

## ТИРКЕМЕ

Келишим түзүп жаткан Тараптар биринчи кезекте төмөнкү маршруттар боюнча транспорттук каттоолорду ачууга макулдашышты: Ташкент-Анжиян-Ош- Эркештам- Кашгар жана кайра артты карай. Ушул максатта Келишим түзүп жаткан Тараптар өз аймагында көрсөтүлгөн автомобилдик жолдордун курулушу жана кызмат көрсөтүүлөрү боюнча иштерди өз убагында аткарып турушат.